# Текстовой материал для десятого задания

**(Кыргыз адабияты)**

Например:

Ч. Айтматовдун алгачкы аңгемеси кайсы?

«Газетчи Дзюйдо»

«Жамийла»

«Кызыл жоолук жалжалым»

«Кыямат»

В данном виде тестового задания нужно сделать единичный правильный выбор: из всех вариантов ответа только один содержит правильный ответ. Все варианты данного задания построены на представленных ниже двух текстах (а не на всем курсе кыргызского языка), поэтому нужно проанализировать каждое предложение.

## Тексты, используемые для интерпретации задания в тесте

### Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

### (ТВОРЧЕСТВО Ч. АЙТМАТОВА)

| | |
|---|---|
| Кыргызстандын улуу жазуучусу Ч. Айтматов Таластын Шекер айылында 1928-жылы кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. | Великий писатель Кыргызстана Ч. Айтматов родился с селе Шекер Таласской области в семье служащего в 1928 году. |
| Ал 1952-ж. жапондук баланын турмушун баяндаган «Газетчи Дзюйдо» аттуу алгачкы аңгемесин жарыялаган. | В 1952 году опубликовал свой первый рассказ о жизни японского мальчика “Газетчик Дзюйдо”. |
| Андан соң «Ашым», «Түнкү сугат», «Ак жаан», «Асма көпүрө» аңгемелерин жазат. | После это он пишет рассказы “Ашым”, “Ночной полив”, “Белый дождь”, “Подвесной мост”. |
| Алгачкы аңгемелеринде эле автордун терең психологиялык анализге жөндөмдүүлүгү байкалган. | Уже в первых рассказах наблюдалась способность автора к глубокому психологическому анализу. |
| «Бетме-бет» (1958) повести Ч. Айтматовду Кыргызстандын көрүнүктүү прозачыларынын катарына кошкон. | Повесть “Лицом к лицу” (1958 г.) поставила Ч. Айтматова в ряд видных прозаиков Кыргызстана. |
| 1958-ж. «Жамийла» повести жарык көрөт, аны Л. Арагон француз тилине которот. | В 1958 году увидела свет повесть “Джамиля”, которую Л. Арагон перевел на французский язык. |

| | |
|---|---|
| Ошондон кийин жазуучу дароо эле бүткүл дүйнөгө таанылат. | После этого писатель сразу же становится известным на весь мир. |
| Повесть лирикалуулугу, романтикалык көтөрүңкүлүгү менен элдик поэтикалык салттарга байланышат. | Повесть связана с народными поэтическими традициями своей лиричностью, романтической приподнятостью. |
| 1961-ж. «Кызыл жоолук жалжалым», «Ботогөз булак», «Биринчи мугалим», «Жамийла» аттуу чыгармалары кирген «Тоолор жана талаалар повесттери» жыйнагы жарык көргөн. | В 1961 году увидел свет сборник под названием “Повести гор и степей”, в который вошли такие произведения как «Тополек мой в красной косынке», «Родник верблюжий глаз», «Первый учитель», «Джамиля». |
| Бул жыйнак Ленининдик сыйлыкка татыган (1963). | Этот сборник был удостоен «Ленинской премии» (1963 г.). |
| Адам тагдыры жана ал жеңип чыккан согуш азабы «Саманчынын жолундагы» конфликттин маңызын түзөт. | Судьба человека и ужасы войны, которые он победил, составляют сущность конфликта «Материнского поля» (дословный перевод – «Путь соломщика»)». |
| 1966-ж. «Гүлсарат» повести жарыяланат. | В 1966 г. публикуется повесть «Прощай, Гульсары». |
| Повесттин башкы каарманы Танабай карыя ой жүгүртүп, согуштан кийинки турмуш маселелерине жооп издейт. | Герой повести старец Танабай размышляет, пытается найти ответы на послевоенные проблемы. |
| Ч. Айтматов кийинки чыгармаларында («Кылым карытар бир күн» (1990-ж.), «Кыямат» (1986-ж.) ж.б.) терең философиялык темаларга кайрылат. | Ч. Айтматов в последующих произведениях («И дольше века длится день» (1990 г.), «Плаха» (1986 г.) и др.) обращается к глубоким философским темам. |
| Ч. Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн 127 өлкөсүндө 176 тилге которулуп, 2005-жылы жалпы саны 76,5 млн. нуска менен кайталап басылган. | Произведения Ч. Айтматова были переведены в 2005 году на 176 языков в 127 странах и были изданы в объеме 76,5 млн. экземпляров. |

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ ЖАЗУУЧУСУ ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ (НАРОДНЫЙ ПИСАТЕЛЬ КЫРГЫЗСТАНА ТУГОЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ)

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу 1912-жылы 14-майда Ысык-Көл областынын Кең-Суу кыштагында туулган. | Народный писатель КР родился 14 мая 1912 года в Иссык-Кульской области в селе Кен-Суу. |
| Жалпы совет адабиятында эң мыкты чыгармалардын бири катары эсептелген «Тоо арасында» (Кең-Суу) роман эпопеясын жазган. | Написал роман-эпопею «Среди гор» (Кен-Суу), который считался одним из лучших произведений советской литературы. |
| Романда коллективдештирүү учурундагы элдик турмушун салт-санаасын, тарыхын, экономикалык жана маданий жааттагы өзгөрүштөрдү кылдат иликтеген. | В романе он тонко исследовал обычаи и традиции, историю, экономические и культурные изменения в народной жизни в период коллективизации. |
| Анын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилин камтыган «Биздин замандын кишилери» романы кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу СССР Мамлекеттик сыйлыгына (1948) татыктуу болгон. | Его роман «Люди наших дней», отражающий период Великой Отечественной войны, был впервые в истории кыргызской литературы был удостоен Государственной премии СССР (1948 г.). |
| Ал эми согуштан кийинки кыргыз айлын, мектеп турмушун көрсөткөн «Тоо балдары», кыргыз аялдарынын революцияга чейинки жана андан кийинки тагдыры, коомдогу, үй-бүлөдөгү ордун «Зайыптар», студенттердин турмушун сүрөттөгөн «Курбулар», «Сыр ачуу» деген романдарын, «Ала-Тоодон — алтоо» очеркин ж.б. чыгармаларды жазган. | Он также написал роман «Дети гор», который отражал жизнь послевоенного села и школу; роман «Женщины», отразивший место женщины до революции, судьбу и место женщины в обществе и семье после революции; роман «Друзья», «Раскрытие тайны», описывающие студенческую жизнь; очерк «Шестеро из Ала-Тоо» и другие произведения. |
| Алтымышынчы жылдардын ичинде залкар прозаик поэзия жанрына кайрадан кайрылып, «Көкөй кести», «Адамдарга кайрылуу» ыр жыйнактарын чыгарат. | В 60-е годы великий прозаик снова обращается к жанру поэзии и создает сборники стихов «Не могу забыть!», «Обращение к людям». |
| Т. Сыдыкбеков драматургия жанрында да өзүнүн күчүн сынап көрүп, «Майдандан», «Кыштак ээлери» пьесаларын жана Калим Рахматуллин менен бирдикте «Тоодой | Т. Сыдыкбеков попробовал свои силы и в драматургии и создал пьесы «С майдана» «Хозяева села», совместно с Калимом Рахматуллиным драмы «Огромное сердце», «Манас и Алманбет». |

| | |
|---|---|
| жүрөк», «Манас жана Алманбет» аттуу көлөмдүү драмаларын жараткан. | |
| «Манас» эпосунун курама вариантын түзүп элге тааныштырууда жана эпостун элдүүлүгүн, генезисин тарыхый фактылар менен салыштырып изилдөөгө чоң салым кошкон. | Внес большой вклад в запись сборного варианта эпоса «Манас», в работу по его популяризации среди народа, в исследование его народности, генезиса, сопоставляя исторические факты. |
| Махмуд Кашкаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагы», Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны жана башкалар тууралу жазылган эмгектери ата мурасына, тарыхка мамиле кылуунун жогорку деңгээлдеги үлгүсүн аныктай алат. | Работы, написанные по «Собранию тюркских наречий» Махмуда Кашгари, «Благодатного знания» Джусупа Баласагына и другим произведениям, свидетельствуют об образцовом подходе к наследию предков и истории. |
| Кыргыз элинин рухий маданиятынын казынасына кошкон зор салымы, чыгармачылык жана коомдук иштеги атуулдук бийик орду үчүн Т. Сыдыкбековго 1997-жылы «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген наам жана эң жогорку артыкчылык даражасы «Ак Шумкар» өзгөчө берилген. | За огромный вклад в сокровищницу духовной культуры кыргызского народа, за высокую гражданскую позицию в творчестве и общественных делах Т. Сыдыкбекову в 1997 году присвоено звание «Героя Кыргызской Республики» и особый знак «Ак шумкар». |

## КЫРГЫЗ ЭЛ ЖАЗУУЧУСУ ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ (НАРОДНЫЙ ПИСАТЕЛЬ КЫРГЫЗСТАНА ТОЛОГОН КАСЫМБЕКОВ)

| | |
|---|---|
| Төлөгөн Касымбеков (1931-2011 жж.) - кыргыз эл жазуучусу, тарыхый романистика чебери, коомдук ишмер. | Тологон Касымбеков (1931-2011 гг.) – народный писатель, мастер исторического романа, общественный деятель. |
| 1980-жж. айрым чыгармалары үчүн Кыргызстан Компартиясынын идеологдору тарабынан жазыксыз кудаланган. | В 1980-е годы подвергался гонениям со стороны Компартии Кыргызстана за некоторые свои произведения. |

| | |
|---|---|
| 1952-жылы «Кичинекей жылкычы» аттуу чыгармасы «Советтик Кыргызстан» журналында биринчи жолу жарыкка чыккан. | В 1952 году в журнале «Советский Кыргызстан» впервые было опубликовано его произведение «Маленький табунщик». |
| «Адам болгум келет» аттуу повести 1965 – жылы орус тилинде жарык көргөн. Жазуучунун эң манилүү чыгармаларынын бири болуп «Сынган кылыч» эсептелинет (1971), ал 1980 – жылы англис тилине которулган. | Его повесть «Хочу быть человеком» была переведена на русский язык в 1965 году. Одним за самых значительных произведений писателя считается роман «Сломанный меч» (1971 г.), в 1980 году этот роман был переведен на английский язык. |
| Башка чыгармаларынын арасында Кыргызстандын тарыхын XIX – кылымдын ортосунан баштап XX – кылымдын башына чейин баяндаган «Келкел», «Чапкын», «Баскын», «Кыргын» деген романдарын да атап өтсөк болот. | Среди других произведений писателя можно назвать романы «Келкел», «Чапкын», «Баскын» (Нашествие), «Кыргын» (Истребление), которые повествуют об истории Кыргызстана с середины XIX века до начала XX века. |
| Белгилүү жазуучу 1959-жылдан тартып СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон. 1986-жылы "Кыргыз эл жазуучусу" наамын алган. | Известный писатель был членом Союза писателей СССР с 1959 года. В 1986 году получил звание «Народный писатель Кыргызстана». |
| 1990-1994-жж. Кыргыз Республикасынын Эл депутаты, тил, маданият жана билим боюнча, улуттар аралык парламенттик комиссиянын жетекчиси жана эркин Кыргызстан Жазуучулар союзунун башчысы болгон. | С 1990 по 1994 годы был народным депутатом КР, руководителем межнациональной парламентской комиссии по языку, культуре и образованию, главой свободного Союза писателей Кыргызстана. |